**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ЭЛ АРАЛЫК МЕДИЦИНА ФАКУЛЬТЕТИ**

**СОЦИАЛДЫК-ГУМАНИТАРДЫК ДИСЦИПЛИНАЛАР КАФЕДРАСЫ**

БЕКИТИЛДИ

Кафедранын жыйынынын

2023-жылдын “___ ”________”

№_____ прот.

Кафедра башчысы, доц. Р. А. Ысмаилова ________

# КЫРГЫЗ ТИЛИ ДИСЦИПЛИНАСЫ БОЮНЧА ТЕСТТИК ТАПШЫРМАЛАРЫ

Ош-2023

1 . Манастын үчүнчү осуятын белгилегиле.
а) Улуттук ар – намыс жана атуулдук ариет
б) Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр - билим аркылуу
бакубат дөөлөткө умтулуу
в) Гумандуулук, кечиримдүүлүк жана айкөлдүк.
г) Кыргыз мамлекетин чындоо жана көздүн карегиндей сактоо.
2. Сөздүн лексикалык мааниси деген эмне?
а) ар бир сөздүн керт башына тиешелүү болгон, аны башкалардан айырмалап көрсөткөн мааниси
б) ар бир сөздүн сүйлөм ичиндеги кошумча мааниси
в) сүйлөм ичиндеги өтмө мааниси
г) сөздөрдүн маанисин өзгөртүү, кеңейтүү жолу
3. Коллизия деген эмне?
а) Көркөм адабиятта ар түрдүү көз караштагы адамдардын, социалдык топтордун ортосундагы кагылыштардын, кызыкчылыктардын, күрөштүн сүрөттөлүшү.
б) Көркөм адабиятта чыгарманын идеялык-көркөмдүк дараметинин бийиктиги.
в) Искусствонун адамга эстетикалык таасир этүүсүн түшүндүрүүчү көрүнүш.
г) Көркөм чыгарманын курулушу, бардык бөлүктөрүнүн, образдарынын өз ара байланышы, бир бүтүндүккө биригиши
4. Ордендердин аттары кандай жазылат?
а) биринчи сөзү баш, кийинкиси кичине менен, тырмакчага алынбай
б) тырмакчага алынып, компоненттери кичине тамга менен
в) компоненттери бирге, тырмакча алынып
г) компоненттеринин ар бири баш тамга менен
5..Ташымалданбаган сөздөр
А) бир муундуу жана баш тамгаларынан кыскартылган сөздөр
Б) эки муундуу жана үч муундуу сөздөр
В) баш тамгаларынан кыскартылган жана үч муундуу сөздөр
Г) муундарынан кыскартылган жана үч муундуу сөздөр
6. Мамлекеттердин жана мамлекеттик жогорку органдардын аттарынын туура жазылган катарын белгиле?
а) Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту, Иран Ислам Республикасы
б) Россия Федерациясы, Кыргыз Республикасынын өкмөтү
в) Кытай эл республикасы, Кыргыз Республикасынын Конституциясы
г) Америка Кошмо Штаты, Кыргыз Республикасынын констициялык соту
7. Адабиятта түшүндүрүү, көркөм чыгарманын бүтүндөй маанисин, анын идеясын, концепциясын кабылдоо түшунүгү
а) интерпретациялоо
б) ассоциациялоо
в) квинтэссенция
г) пентология
8. Көп мааниге ээ болгон сөздөр:
а) баш, жер, ак, көз, борбор
б) кебете, келбет, кемпир, бат, ылдам, тез
в) жер,дептер,кел;

г) балык, өбөк, көчө, буудай, абайла
9.”Атасы жиндинин бири жинди, энеси жиндинин баары жинди”,-деген макалдагы контексттик антонимди белгиле.
а) бири-баары
б)жинди-жинди
в) ата-эне   г)
контексттик антонимии жок
10.”Баланын тарбиясы жашынан, келиндин тарбиясы башынан”,-деген макалдагы контексттик антонимдерди тап.
А) жашынан-башынан
Б) тарбия-тарбия
В) бала-келин
Г) контексттик антоними жок
11.Туура жазылган сөздөрдү белгиле
А) отузча, тузсуз, качты
Б) чынбы, комузчу, туссуз
В) кашты, чашты, отусча
Г) жыгашчы, жыгаччы, чымбы
12.“Манас” эпосунун жаралуу, калыптануу доору боюнча окумуштуулар арасында айтылып жүргөн үч божомолдун биринчисин белгилегиле?
а) Енисейлик Орхон доору (VII-IX к.к.)
б) Енисейлик Орхон доору (VII-IX к.к.)
в) Алтай доору (IX-XI к.к.)
г) Уйгур доору (X-XIк.к)
13. Лейтмотив - бул ... .
а) үндүү, үнсүз;көркөм чыгармада өзгөчө бөлүп көрсөтүлүп, чыгарманын башынан аягына чейин жүргөн  текст.
б) сахна үчүн жазылган опералык чыгармалардын көркөм тексти.
в) жеке эмоцияларды, өзүнүн кабылдоолорун түздөн түз өзү берүүсү.
г) тарыхый окуяларды ошол окуялардын катышуучулары жана күбөлөрүнүн айтканы боюнча жазып чыгуу.
14. Үндөшүү деп кандай тыбыштык процессти айтабыз?
а) тыбыштардын тилге, эринге карай ээрчиши;
б) тыбыштардын айтылышына карай ээрчиши;
в) тыбыштардын окшошпой калуусу;
г) тыбыштардын өз ара окшошуусу
15. Ажыратуу жана ичкертүү белгилерин ташымалдоо
а) өзүнөн мурунку үнсүз тыбыштан бөлүнүп ташымалданбайт
б) өзүнөн мурунку үндүү тыбыштан бөлүнүп ташымалданат;
в) өзүнөн мурунку кыска үндүү тыбыштан бөлүнүп ташымалданат;
г) өзүнөн мурунку үнсүз тыбыштан бөлүнүп ташымалданат
16. Тыбыш менен тамганын саны дал келбеген сөз
А) керемeттүү;
б) дарыгер;
в) жайында;
г) жылкы

17. Жоон үндүүгө карай үндөшүүнү тап
а) котормо, жазуучу;
б) жерсиз, көйнөкчөн;
в) адилеттүү;
г) теректер, кийимдер
18. Аягы үнсүз тыбыш менен бүткөн этиш сөздөргө - ар мүчөсү уланса…
а) сөз созулма сыяктуу айтылат, кыска үндүү менен жазылат. М: барар;
б) сөз созулма сыяктуу айтылат, созулма үндүү менен жазылат) М: бараар;
в) сөз созулма сыяктуу айтылат, кээде кыска, кээде созулма жазылат. М: барар-бараар;
г) сөз созулма сыяктуу айтылат жана жазылат М: бараар
19. Латын алфавитинен орус алфавитине өтүү себептери
а) өздөштүрүлгөн сөздөрдү толук камсыз кыла алган эмес;
б) көпчүлүк тамгалардын саны окшош болгон;
в) бир тамга сөздөгү алган ордуна карай түрдүүчө жазылган;
г) үндүү тыбыштар менен камсыз кыла алган эмес.
20. 1927-1940-жж. кыргыз эли кайсы алфавитти пайдаланган?
а) реформаланган латын алфавити;
б) орус алфавити;
в) уйгур алфавити;
г) уйгур алфавити менен араб алфавити.
21. Бир жолку дем чыгаруудан пайда болгон тыбыштардын жыйындысы эмне деп аталат?
а) муун;
б)басым;
в) интонация;
г) сингармонизм.
22. Кыскартылган сөздөрдүн кыргыз тилиндеги котормосун белгиле: СНГ, ООН, КГНУ.
а) КМШ, БУУ, КМУУ;
б) КМШ, НМУ, КМУУ;
в) БУУ, КМШ, ЖАМУ;
г)КУУ, ЖАМУ, КМУУ.
23. Орфографиянын негизги эрежелеринин бирин белгиле:
а) сөздөрдү бирге, бөлөк жана араларына дефис белгисин коюп жазуу;
б) толук жана толук эмес сингармонизмди айырмалап жазуу;
в) үндүү жана үнсүз тыбыштарды жазуу;
г) көп маанилүү сөздөрдү жана омонимдерди жазуу.
24. Эринчил үндүүгө карай үндөшкөн сөздү белгиле?
а) сүрөтчүлөр, жумушчу, көлөкөдөгүлөр;
б) ынтымактуу, тигүүчү, инилер;
в) күлүктүн, жолчулар, жумушчу;
г) абийирдүү, мээнеткеч, жарбырактар.
25. Муунга туура эмес ажыратылган сөздөрдү белгиле
а) ал-оо-лоп, куд-у-рет-и;
б) ай-туу-га, кел-ген-мин;
в) мек-теп, сту-дент-тер;
г) ал-ма-лар, күз-гү.
26.Төмөнкү сүйлөмдөн өтмө маанилүү сөз катышкан сүйлөмдү белгиле.

а)  Жаңжалдан жалын чыкпайбы, жамандык башты жутпайбы.
б) Балам келет – бешикке, шайтандар кетет – эшикке.
в) Жазда малды айдап бак, кышта малды байлап бак.
г) Тойго келгендердин тамагы үчүн жети кызыл өгүз союлат.
27. Кыргыз Республикасынын желегинин авторлору кимдер?
а)  Э.Айдарбеков, Б.Жайчыбеков, С.Иптаров, Ж. Матаев;
б)  А.Абдыраев, С.Дубанаев;
в)  Ж.Садыков, С.Алтымышов, Н.Давлесов;
г)  К.Молдобасанов, Б.Алишеров, М.Сыдыков.
28. “Манас” эпосун чет тилдерине которуу иши  канчанчы жылдардан башталган?
а)1970-ж.
б)1960-ж
в)1948-ж.
г)1996-ж
29. Үндүү тыбыштардын тилдин күүсүнө карата үндөшүүсү:
а) үндүүлөрдүн жоон, ичкелигине карата ээрчишүүсү;
б) эринчил, эринсиз болуп ээрчишүүсү;
в) кең, кууш болуп ээрчишүүсү;
г) созулма үндүүлөрдү ээрчишүүсү.
30. Эринчил үндүүлөрдүн тобун аныкта.
а) о, ө, у, ү;
б) а, э, ү, у;
в) ы, и, у, ү;
г)  э, о, ы, а.
31. Тыбыштык жактан өзгөртүлүп, кабыл алынган сөздөр:
а) бөлкө, үстөл, керебет
б)чай, тарак
в) самын, көзгө
г) сүлгү, өгөө
32. «Болуш, бий, датка, бек, хан, миң башы, жүз башы, элүү башы, он башы, чоро» деген сөздөр.
а) историзмдер
б) кесип сөздөрү
в) синонимдер
г) архаизмдер
33.Эрте күндү …………….. .
*Сүйлөмдүн аягы кандай бүтөт?*
а) кеч кылбай
б) тез кылбай
в) эрте кылбай
г) узун кылбай
34. <u>*Ортосунан кыл өтпөйт.*</u> Маанилеш сөздү табыңыз
а) ынтымактуу
б)чыр чатактуу
в) көлкөлөө
г) бактылуу

35. *... оозуна тыгылды.* Сөйлөмдү толуктаңыз.
а) жүрөгү
б) көкүрөгү
в) тили
г) көңүлү
36. Көп маанилүү сөздөрдүн пайда болушу:
А) өтмө маани аркылуу
Б) антоним менен
В) синоним сөздөр менен
Г) коомдун өнүгүшүнө байланыштуу сөздүн маанисинин кеңейиши менен
37. Кош сөз:
а) Ысык-Көл;
б) жаңы мектеп
в) кышты-кыштай
г) жем баштык
38. Тилде кандайдыр бир атты (сөздү) өз аталышында айтпай экинчи бир сөз менен тергеп, сылык айтуу:
а) табу, эвфемизм
б) говор
в) жаргон
г) жаргон, говор
39.Адамдын сапатын чагылдырган фразеологизм кайсы?
А) кой оозунан чөп албаган
б) атасын таанытуу
в) тебетейин көккө ыргытуу
г) төрт тарабын кыбыла кылуу
*40. Мураттын көктөн издегени жерден табылып, ичинен кубанды.*
Карама-каршы маанидеги сөздөр кайсылар?
А) көктөн- жерден
В) ичинен кубанды
Б) жерден табылып
Г) Мураттын издегени
41. Үнсүз тыбыштар:
а) өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымы тоскоолдукка учурап айтылган тыбыштар;
б) үндүн катышы менен жасалган тыбыштар;
в) үн катышпай айтылган тыбыштар;
г) үндүн созулуп айтылышынан пайда болгон тыбыштар.
42.Адамдардын кесибин, бийлигин, өнөрүн ж.б. белгилерин көрсөткөн, энчилүү аттарга кошулуп айтылган сөздөр кандай жазылат?
а) кичине тамга менен жазылат. М: Курманжан датка;
б) баш тамга менен жазылат. М: Курманжан Датка;
в) Бирге жазылат. М: Курманжандатка;
г) энчилүү аттан мурун жазылат. М: Датка Курманжан.
43.Үндүү тыбыштардын сөз ичинде өзгөрүүсү … законуна баш иет?
А)сингармонизм
Б)семсиология

В) ассимиляция
Г) метонимия
44. К, г (кы, гы) катышкан сөздөрдү белгиле
а) кымыз, карагат, такты;
б) келди, кайык, агарды;
в) керемет, көкүрөк, көөдөн;
г) күүгүм, келечек, агыш.
45.Созулма үндүүлөр канча муунду түзөт?
А) бир
Б) эки
В) тыбышка карай
Г) муун түзбөйт
46. Туура жазылган татаал сөздөрдүн катарын белгиле.
а) ООАБКОнун, алдын алуу, эчтеме;
б) ак жумгал, үй-бүлө, көк-жөтөл;
в) ден-соолук, кары картаң, студ.кеңеш;
г) кыз-келиндер, каратору, мед.фак.
47. – лык, - чы, - чылык, - чыл, - ист мүчөлөрү энчилүү аттарга уланса кандай жазылат?
а) жалпы атка өтүп, кичине тамга менен жазылат;
б) баш тамга менен кашаага алынып жазылат;
в) жогорку мүчөлөр энчилүү аттарга уланбайт;
г) кичине тамга менен тырмакчага алынып жазылат.
48. Манасчылар деп кимдерди айтабыз?
а) «Манас» эпосун айтууну кесип кылган акындарды;
б) элдик дастандарды аткаруучуларды;
в) «Манас» эпосун жыйноочуларды;
г) Элдик күүлөрдү аткаргандарды.
49. Араб фамилияларын жандап келген ар, ал, ас, аш сыяктуу артиклдер кандай жазылат?
а) кичине тамга менен жазылып, сызыкча белгиси коюлат: Харун ар-Рашид,Абу ал-Хасим;
б) баш тамга м-н жазылып сызыкча коюлат: Харун Ар-Рашид, Абу Ал- Хасим;
в) кичине тамга менен жазылып, эч кандай белги коюлбайт: Харун ар Рашид, Абу ал Хасим;
г) баш тамга менен жазылып, эч кандай белги коюлбайт: Харун Ар Рашид, Абу Ал Хасим.
50. Кыргыз тилинде басым кайсы муунга түшөт?
а) сөздүн акыркы муунуна;
б) созулма үндүү катышкан муунга;
в) катар үнсүздөрдөн кийин;
г) сөздүн биринчи жана акыркы мууну.
51.Туура эмес жазылган татаал сөздүн катарын белгиле.
а)кеч курун, жек сур, кайер;
б) быйыл,арабөк, кол кап;
в) каер, карамүртөз, көз айнек;
г) агайын, алмончок, асыресе.
52.Туура эмес жазылган сөздүн катарын тап.
а) алпар, алпер, эч теке;
в) шайма-шай, учкуч-космонавт;

в)ту-ту, вице-мэр;
г)экс-чемпион, пай-пай;
53.Туура эмес жазылган татаал сөздүн катарын көрсөт.
А)вице -премьер министр;
б)чала-бучук, чөп- чар;
в) курт-кумурска, чоң-чоң;
г)генерал-лейтенант, экс-президент;
54.Туура эмес жазылган татаал сөздүн катарын белгиле.
А) арбир, эчким.
б)жүз элүү, ар качан;
в) өч ал, кол кой;
Г)жардам кыл, кол сал;
55.Фонетикалык принциптин негизинде жазылган сөздү белгиле.
А)китеби;
Б)баалуу;
В)борбор;
Г)жылдыз;
56.Ичке үндүүлөрдү төмөнкүлөрдүн кайсылары түзөт?
А)э,ээ, и, ү, үү, ө
Б) о, оо а, аа, э, ээ, ы, и
В)а,аа, о, оо, ы, у, уу,
Г)ы, и, у, уу, у, уу
57.Жер-суу аттарын изилдеген илим …
А)топонимика
Б) Ономастика
В) география
Г) антропонимика
58.Тарыхый принципте жазылган сөздү белгиле.
А) цирк;
Б) нуска;
В) бешөө;
Г) сары ат;
59.Туура эмес жазылган сөздөрдүн катарын тап.
А) Улуу Петр, Асыл Бүбү, Уркуя Салыкелини;;
Б) Молдо Нияз, Султанмурат, Ашым Жакыпбек;
В) Леонордо ди Венчи, Абу ал –Хасим, Турсун-заде;
Г) Эр Манас, Кыз Сайкал, Жаңыл Мырза.
60.Төмөнкү диний түшүнүмдүн туура жазылганын көрсөт.
А)Курман айт;
Б)олимп кудайлары;
В)Зенги Баба;
Г)Муса-Пайгамбар;
61.Фразеологиялык айкаштардын ичинен адамдын сапатын чагылдырганы:
а) кара кылды как жарган
б) тебетейин көккө ыргытуу
в) атасын таанытуу

г) төрт тарабын кыбыла кылуу.

62. Сөздүн лексикалык мааниси:

а) ар бир сөздүн өз алдынча тургандагы керт башына тиешелүү болгон, аны башка сөздөрдөн айырмалап турган негизги мааниси

б) сөздөрдүн грамматикалык өзгөчөлүктөрүн аныктоого мүмкүнчүлүк берген маани

в) бир эле сөздүн бир нече мааниге ээ болушу

г) сөздөрдүн контексттин ичинде ар башка түшүнүктө колдонулушу

63. *"Боорунда буту жок,*
*Жылан байкуш кантти экен?*
*Куйругу жок, жалы жок,*
*Кулан байкуш кантти экен?*
*Жатарга жайы жок,*
*Чымын байкуш кантти экен?"*

Бул ыр саптары кыргыздын эл акындарынын кимисинин чыгармасы?

а) Молдо Нияз
б) Арстанбек
в) Калыгул
г) Жеңижок

64. Кой оозунан чөп албаган, чычканга кебек алдырбас, кашык канын ичүү ж.б. сыяктуу сөздөр окутулган тилдин бөлүмү:

а) фразеология
б) синоним
в) архаизм
г) образдуу маани

65. Макалды тапкыла.

а) кыздуу уйдө кыңыр сүйлөбө
б) көзгө чөп салба
в) этегинен жалгоо
г) беш өрдөгүн учурба

66. Көп мааниге ээ болгон сөздөр:

а) баш, тарт, ак, көз, борбор
б)кебете,келбет,кешпир,бат,ылдам,тез
в) үй, уч, кара, жай, тамак, ат
г) балык, обон, көчө, буудай, абайла

67 . Айтышчаак, урушчаак, кара жаак, тили буудай куурат. Сөздөрдүн маанилери:

а) синоним
б) көп маанилүүлүк
в) фразеологизм
г) омоним

68.Сөздүн полисемия жана моносемия деген маанилери:

а) жеке жана көп маанилүүлүгү
б) карама-каршы маанилери
в) тыбыштык түзүлүшү жана мааниси
г) өтмө жана көп маанилүүлүк

69. Фразеологиялык ширешмеге мисал:

а) жонунан кайыш алуу
б) артынан калбай кубалоо
в)  Кыргыз мамлекеттик улуттук университети
г) аябай сабоо
а) бир маанилүү
б) синонимдер
в) көп маанилүү сөздөр
г) жалпы маанилүү
71. Кой үстүнө торгой ... заман. Фразеологиялык ширешмени толуктагыла.
а) жумурткалаган
б) тууган
в)конгон
г)уялаган
72.Фразеологиялык бирдик:
а) көзгө атар мерген
б) ыңырчагы ырдоо
в) котур ташы койнунда
г) жылдызы жерге түшүү
73.  Омоним сөздөр:
а) кой-кой, ат-ат, той-той р
б)жоомарт-берешен, жүз-бет-дида
в) сорттоо-тандоо, өлчө-чене, эни-белгиси-тамгасы
г) тарт, түш,, күн
74.  Кыргыз тилинин лексикасынын байышынын ички булактары:
а) морфографиялык, диалектилик, синтаксистик, семантикалык, которуу
б) зат, сын, сан, этиш сөздөрү
в) омоним, синоним, антоним, сөздүн көп маанилүүлүгү
г) жаңы сөздөрдү кабыл алуу
75.Фразеологизм:
а)  Анын эки көзү төрт болуп турган чагы
б)  Кара жерге кар жааса, карды көр даэтин көр.
в) Илгери-илгери бир абышка-кемпирболгон экен.
г) Сыр сандыгында сыры толтура
76. Архаизм сөздөр:
а) кандагай, ак олпок, үртүк, торко
б) күкүрт, тукум, жувалдыз, гөш
в) челек, чылапчын, пийала, чачык
г) автобекет, аялдама, пайыз
77.Коомдогу ар кандай карама - каршылыктардын көркөм чыгармада берилиши жана андагы ар кандай, ар түрдүү адам - каармандардын кагылыш күрөшү кандайча аталат?
а) сюжет
б) композиция
в) образ
г) мазмун
78.  Ж. Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек» поэмасында
«*Жалбарды жалгызына, беттен өптү,*

*Аарчыды жашка толгон эки көздү.*

*Колуна күрөк алып кайрат менен,*

*Көмүүгө баласына кумду септи*»-деп кайсы каарман жөнүндө айтылат?

а)  белгисиз карыя жөнүндө

б) падыша жөнүндө

в)он үч жашар баланын энеси жөнүндө
г)хандын кемпири жөнүндө.
79.Астрономиялык аттардын туура жазылышын көрсөт.
А) Жер, Чолпон, Нептун.
Б)кун системасы, гамилей кометасы.
В)жер, чолпон, уран.
Г) ай, кун, венера.
80. Туура эмес жазылган сөздү белгиле.
А) “Отту сүйөм” ырлар жыйнагы.
Б)”Аккула” ат майданы.
В)Кыргыз республикасы
Г)Ош областы
81.Жер-суу аттарынын туура  эмес жазылганын тап.
А) ыраакы чыгыш;
Б)Борбордук Азия;
В) Батыш Сибирь ойдуну;
Г)Чыгыш Европа;
82.Туура  жазылган сөздү белгиле.
А)баткендиктер;
Б)Бишкектиктер;
В)Кыргыздар;
Г)Оштуктар;
83.Кыргыз эли колдонгон жазууларды хронологиялык тартипте жайгаштыр.
А)орхон, уйгур, араб
Б)араб, уйгур, орхон
В)уйгур, араб, орхон
Г)уйгур. Уйгур, араб
84.Кыргыз  эли латын алфавитин кайсы жазуудан кийин колдонушкан?
А)реформаланган араб
Б)уйгур
В) араб
Г)  орхон
85. Адабий тилдин нормасын сактап, сөздөрдү туура жазуу үчүн иштелип чыкан эрежелердин жалпы жыйындысы ... деп аталат.
А) орфография
Б) орфоэпия
В) графика
Г) морфология
86.Кыргыз тилинде-лар мүчөсүнүн он эки варианта жазылышын негиздеген орфографиялык принцип кайсы?
А)фонетикалык

Б) символикалык

В) тарыхый

Г) морфологиялык

87. «Сынган кылыч» романында эң лирикалуу, эң трагедиялуу берилген ашыктык баян бар. Ал кимдердин сүйүү таржымалы эле?

а) Болот менен Мөөрдүн
б) Кулмырза менен Ак Саткындын
в)Төлөгөн менен Кыз Жибектин
г) Олжобай менен Кишимжандын
88. 2002-жылдын 21-февралында ООНдун алдындагы ЮНЕСКОнун чечими менен кандай күн деп белгиленди?
А) Эне тил күнү
Б) улуттук тил күнү
В) мамлекеттик тил күнү
Г)Мекенди коргоо күнү
89. Альфа жана бетта деген белиден келип чыккан термин кайсы?
А) алфавит
Б) семосиология
В) азбука
Г) арип
90. Кыргыз тили кайсы тил уясына кирет?
А) алтай Б) индевропа В)кытай-тибет Г)семит-хамит
91. Манастын портретин сүрөттөгөн сын атооч сөздөрдү туура катары менен жайгаштыр. «Манас маңдайы …, башы …, кочкор тумшук, кош кирпик, көркү калча, көзү …, жалаяк ооз, жар кабак, жаагы жазы, ээги …, эрди …, көзү үңкүр».
а) жазы, кууш, тик, узун, калың;
б) кууш, жазы, тик, узун, калың;
б) жазы, тик, кууш, калың, узун;
г) туура жообу жок.
92. Төмөнкү сүйлөмдөрдөн жети санынын ырым-жырымдарга колдонулганын көрсөткүлө.
а) «Акемдин жетилигинен кийин кетебиз»,- деп жооп беришти.
б) Жети атасын билбеген жетесиз кул;
в) Жетинин бири – кызыр;
г) Жети өлчөп, бир кес;
93. Темадан четтөө, логиканын жоктугу катанын кайсы түрү?
а) стилдик ката;
б) стилистикалык;
в) формалык;
г) орфографиялык.
94. Түмбү болбой түнбү болуп жазылышынын принциби:
а) морфологиялык
б) фонетикалык
в) традициялык
г) этимологиялык
95.” Жети күндүк жаандан желип өткөн суу артык”. Макалдан контексттик антонимди белгиле.

а) жаан-суу
б) жети-жакшы
в) күн-суу
г) жети-желип өткөн

96. Кыргыз тилинин мамлекеттик тил катары статусун мыйзам жүзүндө белгилөөгө, кыргыз тилин жана кыргыз элинин улуттук маданиятын сактоого жана өнүктүрүүгө негиз түзгөн...
а) мамлекеттик тил мыйзамы;
б) кош тилдүүлүк мыйзамы;
в) мамлекеттик тил статусу;
г) расмий тил мыйзамы

97. Бекназар камчыланар жактан жандап калган аттын башын байкап, акырын көзүнүн кыйыгы менен тиктеп алып, үзөңгүсүн кичине кыбырата каракашкага дем берип гана тим болду. Бул ...
а) багыныңкы байланыштагы байламтасыз татаал сүйлөм;
б) тең байланыштагы татаал сүйлөм;
в) багыныңкы байланыштагы байламталуу татаал сүйлөм;
г) жөнөкөй сүйлөм.

98. Көркөм стилге мүнөздүү тил каражаттары кайсылар?
а) эмоционалдык-экспрессивдик сөздөр, фразеологизмдер, троптор
б) оозеки кепке мүнөздүү сөздөр
в) концеляризмдер, сепаратизация кубулушу, тыныш белгилер
г) реквизиттер, говорлор, эпитеттер, литоталар

99. Илимий стилдин подстилдерин эмнелер түзөт?
а) лекция, очерк, диссертация
в) драма, очерк, жомок
б) радио – телеберүүлөр
г) диалог, монолог

100. Эпилог чыгарманын кайсы жеринде берилет?
а) башында
б) аягында
в) кириш сөздө
г) ортосунда